КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

КЫЗЫЛ-СУУ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО
АЙМАКА КЫЗЫЛ-СУУ

**Кызыл-Суу айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин XXVIII чакырылышынын 5-сессиясынын**

# ТОКТОМУ

"13" 08 2024-жыл №62 **Кызыл-Суу айылы**

**Агроөнөржай комплексине бөлүнүп берилген жер тилкелерин трансформациядан өткөрүлгөндөн кийин пайдалануу багыты жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин "Кыргыз Республикасынын агроөнөржай комплексин өнүктүрүү боюнча чаралары жөнүндөгү" Жарлыгын аткаруу максатында трансформациядан өткөрүлгөндөн кийин жер тилкелерин кандай багытта колдонуулары жөнүндө Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн башчысы Т. Иманбаевдин сунушун карап чыгып, талкуулап жергиликтүү кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ.**

1. Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Иманбаевдин агроөнөржай комплексинне бөлүнгөн жер тилкелерин трансформациядан өткөрүлгөндөн кийин кандай багытта колдонуулары жөнүндөгү сунушу жактырылсын.

2.Бөлүнүп берилген 5 гектар өнөржай багытындагы жер тикесине мөмө жемиштерди сактоочу муздаткыч,кургатуучу сок чыгыруучу цехтер навестери менен,дан сактоочу кампа, тоок фабрикасы 200-даана уй 50-баш, кой 100 башка ылайыкташтырылган сарайлар,иштеген жумушчуларга үй,тамактанычуу жайы,мончо,автоунаалар токтоочу жай жер асынан суу соордууручу станция,электр чубалгылары,трансформатор, өткөрүү тосмосу куруулары эске алынсын.

3.100 гектар жер тилкесине төмөндөгү айыл чарба өсүмдүктөрү, мөмө жемиштери, карагат 0,78 га, малина 0,66 га, крыжовник 0,76 га, абрикос 2,3 га, алма 7 га, баардыгы 11,5 га, калган 88 га жер тилкесине илим билим менен негизделген агротехникалык эрежелерди колдонуу менен айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүүдө которуштуруп айдоо ыкмасын колдонуп, уй, койлорго тоют үчүн 40 га. көп жылдык чөп, 20га дан, 20га арпа, 8 га картошка өндүрүүлө тургандыгы эске алынсын.

4.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңешинин агрардык маселелер боюнча комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Иманбаевге тапшырылсын.

Төрайым Г.Чыныбаева